**Изденүүчү Н.А. Жолдошалиеванын “Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү” деген темада 10.02.01. – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчи, филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги С.Ж. Мусаевдин**

# ПИКИРИ

Изденүүчү Н. А. Жолдошалиеванын “Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү” аттуу диссертациялык ишинин киришүү бөлүмүндө белгиленгендей, эволюциялык лингвистикада же палеолингвистикада алгачкы, жөнөкөй синтаксистик конструкциялардын семантикалык өзөгүн, структурасын этиштер түзүп, алар сөздөрдүн орун тартибинин аныкталып, турукташуусунда уюштуруучулук грамматикалык кызмат аткаргандыгы көптөгөн тилчи-окумуштуулар тарабынан айтылып келген. Маселен, В. фон Гумбольдт сүйлөмдүн тутумундагы башка сөздөр этишсиз жансыз, өлүү материал экендигин, андыктан этиш гана аларга “жан киргизип”, бир тизмекке тизип, байланыштыра ала тургандыгын, аракетти, кыймылды, ал-абалды туюндурган этиш кеп агымындагы башка сөздөрдүн ортосундагы байланыштын маңызы экендигин айтып, этишти тилдин “нерв системасына” салыштырган. Ушул өңүттөн алып караганда, жалпы жана жеке тил илимдеринде предикатты сүйлөмдүн семантикалык борбору, түйүнү, потенциалдуу сүйлөмдүн семантикалык структурасын аныктаган башкы компонент катары изилдөөгө алган лингвистикалык семантика багыты азыркы учурда актуалдуу мүнөзгө ээ.

Изденүүчү Н. А. Жолдошалиеванын диссертациялык ишинде этиштерди изилдөөнүн семантикалык өңүтүнө басым жасалып, этиштердин семантикалык класстарына байланыштуу мурун каралбаган же толук карала элек маселелерди изилдөө аракети көрүлгөн. Маселен, жалпы этиштердин, анын ичинде абал этиштеринин семантикалык классификацияларынан тышкары, абал категориясынын грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктер, бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулуусу, алардын метафоризациясы, бир лексика-семантикалык топтон экинчи бир лексика-семантикалык топко өтүп кетүүсү, негизги этиштерге уланып абал маанисин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугу, десемантизациясы, грамматикализациясы, синсемантизми өңдүү маселелер конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында иликтөөгө алынган. Ошону менен эле бирге этиштердин сүйлөмдүн семантикалык структурасында семантикалык компонент катары аткарган предикаттык кызматы этиштердин валенттүүлүгүнө байланыштуу маселелердин контекстинде каралган. Демек,

кыргыз тилинин этиштик лексикасын изилдөөдө саналып өткөн айрым маселелердин азыркы учурга чейин изилдене электиги же башка аспектилердин алкагында, башка проблемалардын контекстинде жарым-жартылай каралгандыгына байланышкан жагдайлар сөз болуп жаткан изилдөө ишинин темасынын актуалдуулугун айгинелейт.

Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Биринчи бапта этиштердин, анын ичинде абал этиштеринин жалпы тил илиминде, лингвистикалык түркологияда жана кыргыз тили илиминде изилдениш ал-абалы тууралы сөз болот. Мындан тышкары, этиштерди классификациялоонун ар кандай принциптери, атап айтканда, хроноструктуралык, тематикалык, денотаттык, семантикалык принциптери, ошондой эле семантикалык топ, лексика-семантикалык топ, тематикалык топ деген өңдүү терминдердин айырма-жалпылыктары иликтенип, тыянактар чыгарылган. Маселен, хроноструктуралык принциптин негизинде этиш сөздөр туюндурулган кыймыл-аракеттин ишке ашуу ыкмасы, өзгөчөлүгүнө карап бөлүштүрүлөт. Аталган принциптин негизинде жалпы тил илиминде этиштер, негизинен, абал жана кыймыл этиштерге ажыратылып, кыймыл этиштерге карата динамикалык же активдүү этиштер, ал эми абал этиштерине статикалык же пассивдүү этиштер деген да терминдик синонимдер колдонулуп жүргөндүгү белгиленип, этиштердин классификациясына байланышкан негизги түшүнүктөргө, терминдерге, алардын маанилерине жана колдонулушуна байланыштуу тактоолор киргизилген.

Экинчи бапта изилдөөнүн объектиси, предмети, теориялык жана иллюстрациялык материалдары аныкталып, изилдөөнүн универсалдуу жана атайын методдору тууралы маалымат берилген.

Изилдөө ишинин үчүнчү бабында жалпы этиштердин, анын ичинде абал этиштеринин семантикалык классификацияларына, абал этиштеринин метафоризациясына, абал категориясынын вербалдык жана бейвербалдык каражаттар аркылуу туюндурулушуна, абал маанисин туюндурууга катышкан жардамчы этиштердин көп функционалдуулугуна, этиштердин сүйлөмдүн семантикалык структурасында семантикалык компонент катары аткарган предикаттык кызматына, абал этиштеринин валенттүүлүгүнө байланышкан негизги маселелер каралган. Аталган бапта этиш сөздөрдү маанилик жактан классификациялоонун татаалдыгы алардын көп аспектүүлүгү, атап айтканда, семантикалык, функционалдык-синтаксистик, формалдык-грамматикалык, деривациялык, психолингвистикалык ж.б. аспектилери талдоого алынган. Мындан тышкары тил илиминдеги лексема, семема, семантема өңдүү бир катар борбордук түшүнүктөр жана абал категориясын туюндурууга катышкан грамматикалык каражаттар, фразеологизмдер, айрым паремиялык бирдиктер, метафоралар өңдүү ар кандай тилдик каражаттардан тышкары, бейвербалдык компоненттер да конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында иликтенген. Ошону менен эле бирге изилдөө ишинде эврисемия, полифункционалдуулук,

синсемантизм, десемантизация жана грамматикализация тилдик кубулуштарына байланыштуу айтылган пикир, көз караштар талданып, уңгу, туунду, кош сөздөргө ошондой эле алардын ар кандай грамматикалык формаларына уланып, абал категориясына байланышкан маанилерди туюндурууга катышкан жардамчы этиштер алгач десемантизацияга андан кийин грамматикализацияга кириптер болуп, натыйжада, алар негизги этиштер катышкан синтаксистик конструкциялардын курамында акырындап жардамчы этиштик функцияга өткөндүгүнө байланышкан пикирлер айтылган. Иштин үчүнчү бабынын соңку параграфтарында абал этиштеринин башка сөздөр менен тизмектешүү мүмкүнчүлүгүнө байланышкан маселелер каралып, алардын сүйлөмдүн семантикалык структурасында семантикалык компонент катары ээлеген позициялары тилдик фактылардын мисалында изилденип, ынанымдуу тыянактар чыгарылган.

Жогоруда сөз болгон баптардагы көп аспектилүү теориялык жана практикалык мүнөздөгү маселелерди изилдөөдө диссертант тарабынан олуттуу эмгек жасалган. Теориялык материалдардын мазмунуна ылайык тилдик иллюстрациялардын да таамай тандалып алынгандыгын атайын белгилөөгө болот. Жыйынтыктап айтканда, Н. А. Жолдошалиеванын “Кыргыз тилинде ал-абал этиштеринин семантикалык типтери жана тизмектешүү мүмкүнчүлүгү” деген темада 10.02.01. – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу алуу үчүн жазылган диссертациялык иши КР УАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет. Андыктан аталган диссертациялык иштин темасынын кыргыз тил илими жаатында актуалдуулугун, андан алынган тыянак-натыйжаларынын негиздүүлүгүн, илимий жаңылыгын, теориялык жана практикалык жактан баалуулугун эсепке алуу менен, аны логикалык жана структуралык жактан толук аякталган иш катары коргоого сунуштоого толук негиз бар.

**Илимий жетекчи, филология илимдеринин доктору,**
**профессор, Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук илимдер академиясынын**
**академиги** **С.Ж.Мусаев**

**27.02.2025-ж.**